# КЫРГЫЗ ТИЛИ 5-КЛАСС ВАРИАНТ № 3

*(окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)*

**Аты-жөнү:** ___________________________________

2020

**№ 1.** Конференцияда окулуучу доклад кептин кайсы стилине кирет?
А) жазуу, илимий Б) оозеки
В) илимий Г) иш кагаз

**№ 2.** Тыбыш, алардын бөлүнүшү, басым, муун, үндөштүк жөнүндөгү билим булагынын тил илиминде аталышын белгилеңиз.
А) орфография Б) морфология
В) фонетика Г) грамматика

**№ 3.** Эринчил үндүүлөргө кирген топту белгилеңиз.
А) а, у, э, и Б) о, у, ө, ү
В) ы, и, э, у Г) а, о, э, и

**№ 4.** Тыбыштарынын ичинен уяң тыбышты белгилеңиз.
А) л Б) с В) к Г) а

**№ 5.** Созулма үндүүлөр … муун түзөт.
А) бир Б) тыбышка жараша
В) эки Г) үч

**№ 6.** Орус тилинен кирген сөздөрдө басымдын ордун белгилеңиз.
А) башында
Б) орус тилинин эрежесине байланыштуу
В) аягында
Г) ортосунда

**№ 7.** Кең, толук, жапыз – бул сөздөрдүн антонимдерин белгилеңиз.
А) узун, ичке, терең
Б) ичке, калың, кичинекей
В) кыска, кем, толук
Г) тар, арык, бийик

**№ 8.** Эркелетүү маанисинде айтылган сөздөрдүн тизмегин белгилеңиз.
А) аппагым Б) бал
В) ачык ооз Г) айбан

**№ 9.** Тубаса зат атоочту белгилеңиз.
А) ырчы Б) атчан
В) дарыгер Г) гүл

**№ 10.** *Касейин комузун коюп, үйгө кирди.* Белгиленген сөздүн жөндөмөсүн белгилеңиз.
А) илик Б) барыш
В) атооч Г) чыгыш

**№ 11.** толугураак – сын атоочтун даражасын белгилеңиз.
А) күчөтмө Б) сапаттык, катыштык
В) жөнөкөй, жай Г) салыштырма

**№ 12.** Этиштин аркылуу мамилесине белгилеңиз.
А) алгандыр Б) алдырт
В) алыш Г) ал

**№ 13.** *Көп окумайынча көптү билбейсиң.* Белгиленген сөздү аныкта.
А) чакчыл Б) тактооч
В) этиш Г) атоочтук

**№ 14.** -на – мүчөнүн түрүн белгилеңиз.
А) табыш жөндөмөнүн Б) сөз жасоочу
В) көптүк Г) сөз өзгөртүүчү

**№ 15.** Таандык мүчө уланган сөздү белгилеңиз.
А) китеби Б) китепканачы
В) китепкана Г) китепке

**№ 16.** Энчилүү аттарды белгилеңиз.
А) Ак-Талаа, Жети-Өгүз, Кербен
Б) айыл, район, шаар
В) акимчилик, жергиликтүү башкаруу, башкарма
Г) республика, аймак, Кара-Балта

**№ 17.** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү бири-бирине жак, сан, түр боюнча ылайыкташып турушу … деп аталат.
А) башкаруу Б) ээрчишүү
В) окшошуу Г) ыкташуу

**№ 18.** Айтылыш максатына карай сүйлөмдүн түрүн белгилеңиз. *Тарбиянын негизи балалык,өспүрүм куракта негизделет.*
А) жалаң сүйлөм Б) жай сүйлөм
В) жайылма сүйлөм Г) жөнөкөй сүйлөм

**№ 19.** Айтылыш максатына карай сүйлөмдүн түрүн белгилеңиз. *Бали, байкем кечикпей келди_*
А) суроолуу сүйлөм Б) жай сүйлөм
В) илептүү сүйлөм Г) буйрук сүйлөм

**№ 20.** Сүйлөмдүн ээсин белгилеңиз. *Сакмалчылардын баары акырын чыга беришти.*
А) акырын Б) баары
В) чыга беришти Г) Сакмалчылардын

**Тесттин жыйынтыгын баалоо:**

- Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат. Тестке жалпы максималдуу 20 балл берилет.
- Топтолгон баллды 5 баллдык баалоо шкаласына которуу**:**

| Балл | Баа |
|---|---|
| 1-6 | "2" |
| 7-10 | "3" |
| 11-14 | "4" |
| 15-20 | "5" |